**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**Филология факультети**

**Чет тилдер кафедрасы**

| | |
|---|---|
| **«МАКУЛДАШЫЛДЫ»** | **«БЕКИТЕМИН»** |
| **Окуу башкармалыгынын башчысы** | **Академиялык иштер боюнча** |
| ____________ **Ж.Ж. Усубалиева** | **проректор** ________ **К.О. Омурова** |
| «_5_» ___09_______20_25_-ж. | «_25_» ____09______20_25_-ж. |

# КЕП МАДАНИЯТЫ ЖАНА РИТОРИКА ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоонун багыты: 550300 – Филологиялык билим берүү**

**Даярдоонун профили: англис тили жана адабияты**

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр**

**Окутуу формасы: күндүзгү**

**НАРЫН – 2025**

1. Жумушчу программа КР ББжИМнин 2015-жылдын 15-сентябрындагы №1179/1 Буйругу менен бекитилген 550300 – Филологиялык билим берүү даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. жумушчу программаны түздү:

| | | |
|---|---|---|
| «Чет тилдер» кафедрасынын окутуучусу | ________ (колу) | Мамбеталиева Айзада Мукамбетовна |

3. Чет тилдер кафедрасынын 20 25 -жылдын « 02 » 09 № 2 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

| | | |
|---|---|---|
| Кафедра башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | ________ (колу) | Эгимбаева Жаныл Болоткановна |

4. Филология факультетинин кеңешинин отурумунда 20 25 -жылдын « 03 » 09 № 1 протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

| | | |
|---|---|---|
| Факультеттин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | ________ (колу) | Таштанкулова Жеңишкүл Жээнчороевна |

## 1. АННОТАЦИЯ

«Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасы англис тили жана адабияты адистигинин 4- курсунун студенттеринин англис тилинде кесиптик, академиялык жана коомдук деңгээлде сүйлөө компетенциясын өнүктүрүүгө багытталган. Бул курс студенттерге кеп маданиятынын негиздерин, классикалык жана заманбап риториканын принциптерин, аргументация, дебат, презентация жана эл алдында сүйлөө ыкмаларын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Дисциплина болочок мугалимдерди, котормочуларды, изилдөөчүлөрдү жана коомдук чөйрөдө иштей турган адистерди даярдоого багытталат.

## 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Максаты:**

Студенттердин англис тилинде **таасирдүү, маданияттуу, логикалуу жана этикалык жактан туура сүйлөө жөндөмдөрүн** калыптандыруу.

**Милдеттери:**

- кеп маданиятынын жана риториканын теориялык негиздерин үйрөтүү;
- профессионалдык жана академиялык сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- аргументация жана ишендирүү ыкмаларын өздөштүрүү;
- эл алдында ишенимдүү сүйлөөгө үйрөтүү;
- сынчыл ой жүгүртүүнү жана өзүн-өзү баалоо жөндөмүн калыптандыруу.

**«Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасын окуп-үйрөнүү аягына чыккан соң студенттер** англис тилинде оозеки кеп маданиятынын негиздерин жана классикалык жана заманбап риториканын принциптерин өздөштүрүү менен бирге, профессионалдык, академиялык жана коомдук чөйрөдө туура, так жана таасирдүү сүйлөө жөндөмүнө ээ болушат. Студенттер логикалуу жана жүйөлүү ой жүгүртүп, аргументацияны туура түзүүгө, эл алдында ишенимдүү сүйлөөгө, презентацияларды жана докладдарды даярдоого, дебат жана талкууларда өз позициясын маданияттуу түрдө коргоого, сөз этикасын жана коммуникациялык нормаларды сактоого үйрөнүшөт.

Ошондой эле студенттер өз кеп ишмердүүлүгүн талдоого жана баалоого, аудиториянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сүйлөө стилин тандап алууга, вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарды туура колдонууга байланыштуу **билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө** ээ болуп, англис тилинде окутулуучу кийинки адистештирилген дисциплиналарды ийгиликтүү өздөштүрүүгө жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдык көрө алышат.

## 3. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН БӨЛҮМДӨРҮНҮН МАЗМУНУ

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

550300 –Филологиялык билим берүү боюнча даярдалган орто кесиптик билим берүү НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК) жана кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болууга тийиш. “Чет тили” курсу окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси томондогучо көрсөтүлгөн.

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар Жадыбал №1**

| **Коду** | **Компетенциянын мазмуну** |
|---|---|
| **ЖК-10** | мамлекеттик жана кызмат тилдеринде оозеки жана жазуу баарлашуусун логикалык жактан туура, жүйөлүү жана так курууга жөндөмдүү, чет тилдердин биринде социалдык баарлашуу денгээлинде билүү. |
| **КК-16** | кесиптик жана инсандык өнүгүүдө маселелерди өз алдынча аныктай билүү, өзүн-өзү өнүктүрүүдө педагогикалык иштеп чыгуулардын түрү катары отчётторду, рефераттарды жана докладдарды түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 2-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

| Коду | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| ЖК-10 | мамлекеттик жана кызмат тилдеринде оозеки жана жазуу баарлашуусун логикалык жактан туура, жүйөлүү жана так курууга жөндөмдүү, чет тилдердин биринде социалдык баарлашуу денгээлинде билүү. | Билет: | коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу, ээ болгон сөз байлыгын колдонуу менен ар кандай формаларда жана ар түрдүү темаларда чет тилинде баарлашуу мүмкүнчүлүгун; |
| | | Кыла алат: | Чет тилинде ар түрдүү тексттин мазмунун түшүнө алат; |
| | | Ээ болот | Тилдин диалогдук жана монологдук кебин колдонуу билимине ээ жана тилдин кептик түрлөрүн билүү менен аларды иш жүзүнө ашыруу билимине ээ; |
| КК-16 | кесиптик жана инсандык өнүгүүдө маселелерди өз алдынча аныктай билүү, өзүн-өзү өнүктүрүүдө педагогикалык иштеп чыгуулардын түрү катары отчётторду, рефераттарды жана докладдарды түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. | Билет: | Теманын алкагында лексикалык материалдарды билет жана аларды чет тили боюнча сабактан тышкаркы сабактарды, оздук иштерди уюштурууда колдонууну билет. |
| | | Кыла алат: | Чет тилинде тилдик материалды оозеки жана жазуу жүзүндө ишке ашыра алат; |
| | | Ээ болот | Сөздөрдүн маанилеринин түрлөрүн аныктоо менен угуу, окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ээ. |

**3-жадыбал. «Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| Прак (сем) сабактын № | Сабактын аталышы жана кыскача мазмуну | Сабактын мүнөзү жана максаты | Сааттын саны | Үй тапшырмасы |
|---|---|---|---|---|
| I семестр | | | | |
| 1 | **Course Introduction. Diagnostic Speaking** | Студенттердин сүйлөө деңгээлин аныктоо, курс менен тааныштыруу | 2 саат | *Write a short self-introduction (100 words)* |
| 2 | **Speech Culture and Ethics** | Кеп маданияты, этика, сылык сүйлөө нормаларын өздөштүрүү | 2 саат | *Prepare examples of polite and impolite expressions* |
| 3 | **Pronunciation and Intonation** | Туура айтылыш, басым, интонацияны өнүктүрүү | 2 саат | *Record a 2-minute speech and analyze pronunciation* |
| 4 | **Non-verbal Communication** | Вербалдык эмес каражаттарды (gesture, eye contact) туура колдонуу | 2 саат | *Observe and describe body language in a video speech* |
| 5 | **Classical Rhetoric: Ethos, Pathos, Logos** | Риториканын негизги принциптерин түшүнүү | 2 саат | *Analyze a famous speech (Ethos/Pathos/Logos)* |
| 6 | **Persuasive Speaking** | Ишендирүүчү сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу | 2 саат | *Prepare a 2–3 minute persuasive speech* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | **Building Arguments** | Аргумент түзүү, далил келтирүү ыкмаларын үйрөнүү | 2 саат | *Write arguments for/against a given topic* |
| 8 | **Debate Skills** | Дебат жүргүзүү, макул болбоону маданияттуу билдирүү | 2 саат | *Prepare for debate: "Online education is better than traditional"* |
| **I модуль** | | | | |
| 9 | **Academic Presentations** | Академиялык презентациянын түзүмүн өздөштүрүү | 2 саат | *Prepare presentation slides* |
| 10 | **Conference-style Speaking** | Илимий баяндама жасоо, суроолорго жооп берүү | 2 саат | *Rehearse academic presentation* |
| 11 | **Workplace Communication** | Кесиптик чөйрөдө сүйлөө, интервью | 2 саат | *Prepare answers for job interview questions* |
| 12 | **Leadership and Motivational Speaking** | Лидерлик жана шыктандыруучу сүйлөө | 2 саат | *Motivational speech: "My future profession"* |
| 13 | **Storytelling Techniques** | Окуя аркылуу таасирдүү сүйлөө | 2 саат | *Write and tell a personal story* |
| 14 | **Media and Digital Speaking** | Камера алдында сүйлөө, медиа кеп | 2 саат | *Record a short video speech* |
| 15 | **Final Public Speech & Reflection** | Жыйынтыктоочу эл алдында сүйлөө, өзүн-өзү баалоо | 2 саат | *Self-reflection report* |
| **II модуль** | | | | |

### 5. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен практикалык жана интерактивдүү сабактар орун алат. Практикалык сабактардын негизги милдети – студенттердин англис тилинде оозеки сүйлөө маданиятын, риторикалык

ой жүгүртүүсүн, туура жана таасирдүү сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп саналат. Сабактар профессионалдык, академиялык жана коомдук сүйлөө багытындагы тапшырмаларды аткаруу менен айкалыштырылат.

Студенттер ар кыл темадагы кыскача тексттерди, баяндамаларды жана коомдук сүйлөөлөрдү угуу жана окуу менен бирге, аларды талдоо, риторикалык ыкмаларды (ethos, pathos, logos) аныктоо, сөз этикасын сактоо маселелерин кароо жана берилген тапшырмаларды оозеки жана жазуу түрүндө аткарышат. Сабактарда студенттердин бири-бирине суроолорду даярдоосу, пикир билдирүүсү, аргументтерди келтирүүсү, дебат жана талкууларга активдүү катышуусу каралат.

Ошондой эле практикалык сабактарда ролдук оюндар (role-play), импровизациялык сүйлөөлөр, презентация жана мини-докладдарды даярдоо, видеоматериалдарды көрүү жана талдоо, эл алдында сүйлөө учурунда кетирилген каталарды аныктоо жана оңдоо иш-аракеттери жүргүзүлөт. Студенттер өздөрүнүн жана курсташтарынын сүйлөөсүн угуп, салыштыруу, баалоо, пикир айтуу аркылуу өз кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүшөт.

Окутуучу студенттердин сүйлөө активдүүлүгүн арттыруу, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, логикалуу жана ырааттуу сүйлөөгө багыт берүү, аудитория менен байланыш түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу, жаңы терминдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүү, сүйлөө структурасын талдоо жана жалпылоо билгичтиктерин өнүктүрүү милдетин астыга коёт. Бул билим берүү технологиялары студенттердин өз алдынча иштөө жөндөмүн, ишенимдүү сүйлөө маданиятын жана кесиптик коммуникацияга даярдыгын камсыз кылат.

## 6. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

**«Кеп маданияты жана риторика» дисциплинасы** сүйлөө ишмердүүлүгүнө, риторикалык ой жүгүртүүгө жана эл алдында таасирдүү пикир билдирүүгө багытталгандыктан, сабактарда негизинен коммуникацияга, диалогго жана чыгармачыл активдүүлүккө негизделген интерактивдүү билим берүү технологиялары колдонулат. Бул технологиялар студенттердин сүйлөө активдүүлүгүн жогорулатууга, өз оюн логикалуу, так жана ишенимдүү жеткирүүгө шарт түзөт.

Практикалык сабактарда студенттер жуптарда, кичи топтордо жана жалпы тайпа менен иштөө аркылуу өз ара пикир алмашууга, аргумент келтирүүгө, аудитория менен байланыш түзүүгө үйрөнүшөт. Интерактивдүү ыкмалар студенттердин критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, профессионалдык жана коомдук сүйлөө чөйрөсүнө даярдоого багытталат.

Кеп маданияты жана риторика сабактарында төмөнкү интерактивдүү билим берүү технологияларын колдонууга болот:

**Импровизациялык сүйлөө (Impromptu speaking)** – студентке алдын ала даярдыксыз берилген тема боюнча кыска убакытта сүйлөө мүмкүнчүлүгүн берүү. Бул ыкма тез ой жүгүртүүнү, ишенимдүү сүйлөөнү жана стресс менен иштөөнү өнүктүрөт.

**Пикир билдирүү айлампасы (Speaking circle)** – студенттер тегерек отуруп, берилген тема боюнча кезек-кезеги менен өз көз карашын билдиришет. Бул ыкма ар бир студенттин сүйлөөсүнө шарт түзөт.

**Ролдук оюндар (Role-play)** – коомдук, кесиптик же академиялык кырдаалдарды моделдештирүү (конференция, интервью, жыйын, коомдук талкуу). Бул технология реалдуу сүйлөө кырдаалдарын түзүп берет.

**Кейс-метод (Case study)** – белгилүү бир сүйлөө кырдаалын же конфликттик коммуникацияны талдоо жана чечүү жолдорун сунуштоо. Бул ыкма аргументация жана риторикалык анализди өнүктүрөт.

**Дебат технологиясы** – белгиленген эрежелерге ылайык уюштурулган талаш-тартыш. Дебат студенттердин аргумент келтирүү, каршы пикирди угуу жана жооп кайтаруу жөндөмдөрүн калыптандырат.

**Риторикалык анализ** – белгилүү коомдук же академиялык сүйлөөлөрдү (мисалы, TED Talks, саясий сөздөр) структурасы, тил каражаттары жана таасир берүү ыкмалары боюнча талдоо.

**Аудитория менен иштоо технологиясы** – студенттерге аудиториянын түрүнө (академиялык, кесиптик, коомдук) жараша сүйлөө стилин өзгөртүп көрүү тапшырмаларын берүү.

**Сторителлинг (Storytelling)** – жеке тажрыйба же ойдон чыгарылган окуя аркылуу идеяны жеткирүү. Бул ыкма эмоционалдык байланыш түзүүгө жардам берет.

**Пир-баалоо (Peer assessment)** – студенттердин бири-биринин сүйлөөсүнө баа берип, конструктивдүү пикир билдирүүсү. Бул технология өзүн-өзү талдоону күчөтөт.

**Видеосүйлөө жана видеоанализ** – студенттердин сүйлөөсүн видеого тартып, кийин анализ жүргүзүү. Бул ыкма интонация, жест, поза жана көз караш менен иштөөнү жакшыртат.

**Презентация технологиясы** – академиялык жана кесиптик презентацияларды даярдоо жана коргоо. Бул технология сүйлөөнүн структурасын сактоого үйрөтөт.

**Суроо–жооп стратегиясы (Q&A session)** – сүйлөөдөн кийин аудиториянын суроолоруна жооп берүү аркылуу ойду тактоо жана коргоо көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Рефлексиялык сүйлөө** – сабактын аягында студенттердин өз сүйлөөсүн, ийгиликтерин жана кыйынчылыктарын оозеки талдоосу.

Бул интерактивдүү билим берүү технологиялары студенттердин кеп маданиятын, риторикалык компетенттүүлүгүн, логикалуу ой жүгүртүүсүн жана эл алдында ишенимдүү сүйлөө жөндөмүн калыптандырууга багытталган.

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 69%ды түзөт.

## 7. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

**Окутуунун натыйжалары жана аларды баалоо формалары №4 жадыбал**

| Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр) | Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары |
|---|---|
| Англис тилинде туура, так жана маданияттуу сүйлөй билүү | Практикалык сабактарда оозеки жоопторду жана сүйлөө активдүүлүгүн байкоо, баалоо |
| Сөздөрдүн айтылышын, интонацияны жана басымды туура колдонуу | Импровизациялык сүйлөөлөрдү, видеосүйлөөлөрдү талдоо жана баалоо |
| Риториканын негизги түшүнүктөрүн (ethos, pathos, logos) айырмалап билүү | Риторикалык анализ, талкуу жана суроо-жооп аркылуу баалоо |
| Сүйлөөнүн түзүмүн (кирүү, негизги бөлүк, жыйынтык) туура түзүү | Презентацияларды, баяндамаларды критерийлер боюнча текшерүү |
| Аудиториянын түрүнө жараша сүйлөө стилин тандоо | Role-play, кейс-метод аркылуу сүйлөө кырдаалдарын баалоо |
| Аргументтерди логикалуу түзүү жана өз позициясын коргой билүү | Дебат, кайчылаш дискуссия учурунда аргументацияны баалоо |
| Дискуссияларда жана талкууларда маданияттуу пикир билдирүү | Жуптарда жана кичи топтордо иштөөнү байкоо жана баалоо |
| Академиялык жана кесиптик презентацияларды даярдоо жана коргоо | Презентацияларды коргоо, peer assessment аркылуу баалоо |
| Вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарды туура колдонуу | Видеоанализ, өзүн-өзү жана өз ара баалоо |
| Сүйлөө материалдарын (текст, видео) риторикалык жактан талдоо | Аналитикалык тапшырмаларды текшерүү жана талкуу |
| Угуу көнүгүүлөрүн туура аткаруу жана негизги ойду бөлүп алуу | Угуу боюнча тапшырмаларды аткаруу жана оозеки жооптор |
| Башка студенттердин сүйлөөсүнө сын-пикир айтуу | Peer feedback, рефлексиялык талдоо |
| Сүрөт, видео же кырдаал боюнча оозеки жана жазуу түрүндө ой билдирүү | Эссе, параграф, видео-сүйлөө тапшырмаларын баалоо |

| | |
|---|---|
| Өз алдынча иштөөнү жана рефлексия жүргүзүүнү билүү | СӨИ, рефлексиялык отчетторду текшерүү |
| Финалдык эл алдында сүйлөө көндүмдөрүнө ээ болуу | Модулдук жана жыйынтыктоочу аттестация (зачет/экзамен) |

8. **Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо**

**Баалоо шкаласы**

- **5 – эң жакшы (86–100)**
- **4 – жакшы (76–85)**
- **3 – орто (60–75)**
- **2 – жаман (0–59)**

**Баалоо рубрикасы (компетенциялар боюнча) №5 жадыбал**

| Компетенциялар | 5 – Эң жакшы | 4 – Жакшы | 3 – Орто | 2 – Жаман |
|---|---|---|---|---|
| **Коммуникативдик компетенция** (оозеки сүйлөө) | Оюн англис тилинде так, логикалуу, ишенимдүү жана эркин баяндайт; аудитория менен активдүү байланыш түзөт | Негизги ой так берилет, бирок сүйлөөдө майда так эместиктер бар | Ой бөлчөк-бөлчөк берилет, сүйлөөдө ишеним жетишсиз | Оюн так жеткире албайт, сүйлөө үзгүлтүккө учурайт |
| **Риторикалык компетенция** (ethos, pathos, logos) | Риторикалык ыкмаларды максатка ылайык, аң-сезимдүү колдонот | Риторикалык ыкмаларды колдонууга аракет кылат | Риторикалык ыкмалар жетишсиз же туура эмес колдонулат | Риторикалык ыкмалар колдонулбайт |
| **Аргументациялык компетенция** | Аргументтер логикалуу, жүйөлүү, | Аргументтер бар, бирок логикалык | Аргументтер алсыз, далилдер жетишсиз | Аргументтер жок же негизсиз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мисалдар менен бекемделген | байланыш начар | | |
| **Лингвистикалык компетенция** (грамматика, лексика, айтылыш) | Грамматикалык, лексикалык жана фонетикалык каталар минималдуу | Айрым грамматикалык жана лексикалык каталар бар | Көп каталар сүйлөөгө тоскоол болот | Каталар ойду түшүнүүгө олуттуу тоскоолдук жаратат |
| **Вербалдык эмес компетенция** (жест, көз караш, үн) | Дене тили, көз караш, интонация натыйжалуу колдонулат | Вербалдык эмес каражаттар жарым-жартылай колдонулат | Колдонуу алсыз, сүйлөөгө жардам бербейт | Такыр колдонулбайт же туура эмес |
| **Академиялык жана кесиптик сүйлөө компетенциясы** | Презентация, доклад, коомдук сүйлөө талапка толук жооп берет | Талаптар негизинен сакталган | Структура жана стиль жетишсиз | Талаптар сакталбайт |
| **Интерактивдүү ишмердүүлүк компетенциясы** (дебат, дискуссия) | Дебатта активдүү, этиканы сактайт, өз позициясын коргойт | Катышат, бирок активдүүлүк жетишсиз | Пассивдүү, аргументтер алсыз | Катышпайт же эрежелерди сактабайт |
| **Аналитикалык компетенция** (риторикалык анализ) | Сүйлөөлөрдү терең талдайт, жыйынтык чыгарат | Талдоо бар, бирок үстүрт | Талдоо фрагментардуу | Талдоо жүргүзө албайт |
| **Жазуу ишмердүүлүгүнүн компетенциясы** (эссе, аргументтүү эссе) | Жазуу иштери логикалуу, структураланган, эрежелер сакталган | Айрым түзүмдүк же тилдик кемчиликтер бар | Жазуу логикасы алсыз | Жазуу талапка жооп бербейт |
| **Рефлексия жана өзүн-өзү баалоо компетенциясы** | Өз сүйлөөсүн сынчыл талдап, так жыйынтык чыгарат | Өзүн баалоо жарым-жартылай | Рефлексия формалдуу | Рефлексия жок |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда, ал ошол аудиториялык иштин программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган көнүгүү дептерин жана конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, грамматика боюнча көнүгүү китептеринен жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки жана жазуу тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт. Ал эми сабактынр түрү, аткара турган иштери жана баалоо формасы төмөндөгү жадыбалдан көрсөттүк. №6 жадыбал

| **Сабактын түрү / тапшырма** | **Студенттин аткара турган иштери** | **Баалоо формасы** |
|---|---|---|
| Калтырылган аудиториялык сабакты өз алдынча окуу | Сабакта каралган тексттерди окуп, талдоо, негизги ойду аныктоо, риторикалык конструкцияларды белгилөө | Жумушчу дептерди текшерүү, текст боюнча берилген суроолорго жооп берүү |
| СӨИ (студенттин өз алдынча иши) | Калтырылган тема боюнча кыскача оозеки презентация даярдоо жана окутуучунун көзөмөлүндө коргоо; тексттеги маанилүү аргументтерди айкын көрсөтүү | Презентацияны оозеки коргоо, активдүүлүктү баалоо |
| Жумушчу дептердеги көнүгүүлөр | Грамматика жана риторикалык көнүгүүлөрдү китептерден таап жазуу; сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн талдоо; сөздөрдү туура колдонуу | Жазуу түрүндөгү тапшырмаларды текшерүү, грамматикалык жана риторикалык тактыктар боюнча баалоо |
| Дискуссия жана жуптарда иштөө | Тема боюнча даярдалган суроолорго жооп берүү; өз аргументин так жана логикалык түрдө айтуу; башка студенттердин пикирин талдоо | Оозеки баалоо: активдүүлүк, аргументациянын тууралыгы, логикасы |

| | | |
|---|---|---|
| Презентация жана кластер / Венн диаграммасы | Тексттеги негизги ойду визуалдык түрдө көрсөтүү; аргументтерди салыштыруу | Оозеки жана жазуу түрүндө баалоо: идеянын тактыгы, риторикалык жана структуралык жактан туура түзүлүшү |
| Грамматикалык тапшырмалар | Калтырылган тема боюнча грамматикалык көнүгүүлөрдү аткаруу (сүйлөмдөрдү түзүү, сөз тандап жазуу) | Жазуу түрүндө баалоо: грамматикалык эрежелерди туура колдонуу |

## 10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

1. https://www.toastmasters.org – Оозеки коммуникация жана риторика көндүмдөрү боюнча онлайн-материалдар
2. https://www.edutopia.org/discussion-skills – Дискуссия жана топтук талкуу көндүмдөрү
3. https://www.coursera.org/courses?query=public%20speaking – Ар кандай риторикалык жана коммуникация курстары
4. https://writingcenter.unc.edu – Жазуу жана аргументтерди түзүү боюнча ресурстар
5. https://www.khanacademy.org/college-careers-more/college-careers/college-skills – Оозеки жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө арналган интерактивдүү тапшырмалар

## 11. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

- проектор;
- интерактивдүү такта;
- компьютер;
- аудио-видео жабдуулар;
- интернет ресурстар.

**12. Кеп маданияты жана риторика сабагы үчүн оозеки тапшырмалардын темалары**

1. **Effective public speaking** – Оозеки сүйлөөнү таасирдүү жүргүзүү ыкмалары.
2. **Discussion and debate skills** – Дискуссия жана дебат жүргүзүү көндүмдөрү.
3. **Persuasive speech techniques** – Ырааттуу жана таасирдүү аргументтерди колдонуу.
4. **Structuring a speech** – Сүйлөмдөрдү жана параграфтарды логикалык тартипте түзүү.
5. **Analyzing audience and situation** – Тыңдаган аудиторияны жана кырдаалды талдоо.
6. **Using rhetorical devices** – Суроо, мисал, салыштыруу, цитата жана башка риторикалык ыкмаларды колдонуу.
7. **Impromptu speaking** – Кыска убакытта даярдалбай сүйлөө көндүмдөрү.
8. **Presentation skills** – Презентацияларды оозеки жүргүзүү жана көркөмдөө.
9. **Expressing agreement and disagreement** – Макулдук жана макул эместигин билдирүүнүн адекваттуу жолдору.
10. **Body language and voice modulation** – Денеси менен сигнал берүү жана үнүн туура колдонуу.
11. **Summarizing a text orally** – Текстти оозеки кыскача баяндап берүү.
12. **Giving constructive feedback** – Курулуштук сын жана сунуштарды берүү.
13. **Questioning techniques** – Суроолорду туура түзүү жана жоопту активдүү алуу.
14. **Analyzing speeches of famous speakers** – Белгилүү спикерлердин сөзүн талдоо.
15. **Role-playing in debates** – Дебаттарда жана риторикалык оюндарда ролду ойноо.
16. **Cultural differences in communication** – Маданий айырмачылыктарды эске алуу менен байланыш жүргүзүү.
17. **Using digital tools in presentations** – Презентацияда IT жана онлайн ресурстарды колдонуу.
18. **Storytelling in speeches** – Кыска окуяларды баяндап, таасирдүү айту ыкмасы.
19. **Argument construction and defense** – Аргументти куруу жана коргоо.
20. **Critical listening and response** – Тыңдап, анализдеп, реакция берүү көндүмдөрү.

## Lecture№1 Speech Culture and Ethics

### Introduction

Speech culture and ethics play a crucial role in human communication. Language is not only a tool for sharing information, but also a means of expressing values, attitudes, and respect toward others. The way people speak reflects their level of education, cultural background, moral principles, and social responsibility. In modern society, where communication happens both face-to-face and online, the importance of ethical and cultured speech has increased significantly.

This lecture aims to explore the concept of speech culture, its main components, and the ethical principles that guide responsible and respectful communication.

### 1. The Concept of Speech Culture

Speech culture refers to the ability to use language correctly, clearly, and appropriately in different communicative situations. It includes grammatical accuracy, rich vocabulary, correct pronunciation, and logical structure of speech. A high level of speech culture helps individuals express their thoughts effectively and understand others better.

Speech culture is closely connected with education and personal development. People who have a well-developed speech culture are usually more confident, persuasive, and successful in social and professional communication. They are able to adapt their language depending on the audience, context, and purpose of communication.

Moreover, speech culture is not limited to correctness alone. It also involves politeness, tact, and emotional sensitivity. Even grammatically correct speech can be considered uncultured if it is rude, aggressive, or disrespectful.

**2. Ethics in Speech**

Speech ethics refers to moral norms and rules that regulate communication between people. It is based on respect, honesty, responsibility, and tolerance. Ethical speech avoids insulting, humiliating, or manipulating others. Instead, it promotes mutual understanding and cooperation.

One of the key principles of speech ethics is respect for the interlocutor. This means listening attentively, not interrupting, and considering other people's opinions, even if they differ from our own. Ethical communication requires empathy — the ability to understand and feel what another person is experiencing.

Another important principle is responsibility for one's words. Words can influence emotions, decisions, and even the behavior of others. Therefore, speakers must be aware of the potential consequences of their speech. Spreading false information, hate speech, or offensive language violates ethical norms and can cause serious harm to individuals and society.

**3. Speech Culture and Ethics in Professional Communication**

In professional environments, speech culture and ethics are especially important. Teachers, doctors, lawyers, journalists, and public speakers carry a high level of responsibility for their words. Professional communication requires clarity, accuracy, and politeness.

For example, a teacher's speech influences not only students' knowledge but also their moral development. A doctor must communicate with patients in a sensitive and supportive manner. Journalists must follow ethical standards by providing truthful and unbiased information.

Business communication also relies heavily on speech culture and ethics. Polite and respectful language helps build trust, resolve conflicts, and maintain long-term professional relationships.

## 4. Speech Ethics in the Digital Age

The development of digital technologies and social media has changed the way people communicate. Online communication often lacks direct emotional feedback, which can lead to misunderstandings and unethical behavior. People may use offensive language, insults, or aggressive expressions more easily online than in face-to-face interactions.

Therefore, speech ethics in the digital space is a modern and urgent issue. Netiquette — the ethics of online communication — requires users to be respectful, responsible, and tolerant. Ethical online speech helps create a healthy digital environment and prevents conflicts, cyberbullying, and the spread of harmful content.

## Conclusion

In conclusion, speech culture and ethics are essential elements of effective and humane communication. A high level of speech culture allows individuals to express ideas clearly and appropriately, while speech ethics ensures respect, responsibility, and moral awareness in communication.

Developing speech culture and ethical communication skills is a lifelong process that requires education, self-reflection, and practice. In a diverse and interconnected world, cultured and ethical speech contributes to mutual understanding, social harmony, and personal success.